# Жыландар менен бир үйдө




Автор: Мира Кокоева

Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Жыландар менен бир үйдө

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жыландар менен бир үйдө " (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева , сүрөтчү Мунара Абдукахарова, которгон Талгат Деркембаев

*В одном доме со змейками*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бул жолу биз Ысык-Көлдө жашаган таенемдикине бараттык.

Атам рулда болчу. Апам жанында отурган. Биз арткы отургучта  шаңдуу бакылдашып, күндөрдү кантип өткөрө турганыбызды сүйлөшүп келе жатабыз. Биз дегеним – улуу байкем Тима, эжем Эмма жана мен.

Жолдо тоолор, бактар, үйлөр зымырап кала беришти. Күн ачык. Машинанын ичине бир аарынын кирип кеткени эле болбосо, жол тынч.

Апам курт-кумурскалардан корккондуктан, колун булгалап калды. Аары да апамдын ага болгон коркуусун сезгенсип, ансайын тийишип туруп алды.

Чакырылбаган конок апама коноюн деди окшойт да.

– А-ай! – деп апам кыйкырып коёт. Тима, Эмма үчөөбүз колдорубузду булгалап аарыны терезеден чыгаралы деп аракеттендик.

– Тынч отургула, аары өзү эле чыгып кетет, – деп атам кыйкырды. Чын эле, атам айткандай, аары апама тийбей, өзү эле учуп кетти.



Мына, тээ алыстан көл да жылт-жылт этип көрүндү. Ал көпкөк болуп, бизди өзүнө тартып жатты. Шыбак менен туздуу көлдүн жыты мурунга бур дей түштү. Таенем алма багы бар анча чоң эмес жыгач үйдө жашачу.

Көл токойдун нары жагындагы алыс эмес жерде эле.

– Жакшы келип алдыңарбы! Ананайындар! – деп таенем аябай сүйүндү. Чай ичкен соң, алма бактын ичинде абайлап, буттун алдын карап басуу керек экенин эскертти.

– Эмнеге? – деп таң калдык биз.

– Коркпогула. Бул жерге кээде жыландар кирип келет. Бирок алардын зыяны деле жок. Силер аларды басып алып жүрбөгүлө. Аларды капа кылганга болбойт...

– Мына сага! – деп мен корккonumдан ушул сөздү айтканга жарадым.

– Эми бул жерде биз кантип жүрөбүз?

– Таенем бул жерде жашап эле жүрбөйбү! Эч нерсе болбойт, – деди Тима.



Мен эртең менен эрте ойгонуп, короого чыгууну чечтим. Керебеттен бутумду түшүрүп баратып эле жерде бир нерсе жатканын байкадым. Ал кыймылдап жатыптыр. Эңкейип карасам, кепкенедей жылан экен.

Ал ийрелеңдеп керебеттин алдына сойлоп кирип кетти!

Мен керебетке чыгып алып, эмне болорун көргүм келди. Бирок эч нерсе деле болгон жок. Мен акырын бут кийимимди кийип, сыртты көздөй октой учуп чыктым.

Мен үйдөн чыкпай коёюн деп чечтим. Бирок ажааткана алма бактын четинде болчу. Акыры сыртка чыкканга туура келди. Мен бак аралап эки жакты карабай келе жаттым. Жерге коёрдон мурун, бутумду бийик көтөрүп абайлап бастым. Мага ар бир бадалдын түбүндө жыландар сойлоп, ышкырып жаткандай сезилди.

Бирок мен эч кандай жыланды кезиктирген жокмун. Кечки тамакты ичкенден кийин жаттык.



Короодо  таенем самоор коюп жүрүптүр.

– Кутман таң, таене! Мен  бөлмөбүздөн кичинекей жылан көрдүм. Ал  ошол жерде жашайбы?


– Кутмандуу болсун, балам! Ооба, анын ошол жерде үйү бар, – деп таенем жайдары жылмайып маңдайымдан сүйдү.

– Ошондойбу? Сиз кантип коркпойсуз? Демек, сиз жыландар менен жашайт турбайсызбы, ээ? – деп таенеме суроолорду жаадырып жаттым.

– Сен чочуп калдыңбы? Коркпо, балам! Бар жуунуп кел да, чай ичели. Кол жуугуч тиги жакта турат, – деди.

Мен короону аярлай карап бирөө-жарым сойлоп жүргөн жокпу деп жуунганы жөнөдүм.

Бетиме муздак суудан чачып, чай ичкени тез эле кайтып келип, дасторконго отурдум. Таенемден жыландардын окуясын угам деп күтүп калдым.



Дасторкон үстүндө  нан, каймак, нават, курут, алма жана башка толгон тамак-аштар  бар экен.

– Таене, жыландар тууралуу айтып бериңизчи! – деп бутумду жогору чыгарып, чыдамым кетип отурдум.

– Чай ич! Эмнени айтып  берейин?

– Жыландар менен кантип чогуу жашайсыз? Эмнеге аларды багып алдыңыз эле? – деп жыландар угуп кала тургансып акырын сурадым.

– Бул менин эле үйүм эмес, алардын да үйү...

– Жыландардын үйүбү? – деп сурадым мен.

– Ооба, алар ушул жерде жашашат. Биздин айылдын аты Жыландуу деп бекеринен аталбайт. Биз аларга көнүп деле калганбыз. Кээ бир жыландар адамдардын үйүнө үйүр болуп, уюгу менен да жашаган учурлар бар. Бул үйлөрдү өзгөчө үйлөр деп да айтышат. Бекеринен жыландар аларды тандабайт да.

– Сиздин үйүңүз да ошондой өзгөчө үйбү? – деп сурадым.

– Жыландар жашаган үйдүн кожоюну абдан сыйлуу  болот.

– Ой-ий, – деп  таенемди сыймыктана  карадым.

– Бир жолу  көп сандаган жыландар машина өтүүчү жолду кесип өтүп баратканын көрдүк, – деп таенем алдыма таттуулардан жылдырды.

– Алар тоодон түшүп келе жатышыптыр. Бул өтө коркунучтуу көрүнүш болчу.

Кудай бетин көргөзбөсүн, ар кандай өңдөгү, ар кандай көлөмдөгү, чоң, кичине жыландар эле.

Унаалар токтоп, бардык жыландар сойлоп өтүп кеткенче күтүп турушту. Жыландар көлдү көздөй кетишти. Көл жээкте чоң-чоң  таштар бар. Алар ошолордун арасына кирип жай табышты.

Ошондон кийинки түнү чоң жер титирөө болду. Көптөгөн үйлөр, жарлар да урады. Көрсө, жыландар жер титирерин сезип, жер которуп кетишкен тура.

Мен таенемдин айтканын эсим ооп угуп отуруп калган экем. Оозумдагы курут да эзилип кетиптир.

– Аябай кызыктуу экен, таене? – деп курутту жутуп жибердим.

– Алардын зыяны деле жок. Бирок жыландарды таарынтып, өлтүргүгө болбойт. Чоң-чоң таенең алар менен аябай жакшы мамиледе болгон дешет. Алар анын үйүнө сүт ичкени келип кетишчү экен. Бул эми башка окуя, балам. Эс ала бергиле. Кенен-кесир сейилдегиле. Көлгө да барып түшкүлө.





– Макул, – деп мен Тима менен Эмманы ойготкону чуркадым.

Көлдүн жээгинде чын эле тоодой болгон чоң таштар көп экен.

– Бул жер таштуу турбайбы.  Ичинде бирөө жашайт го? – деп Эмма сурап калды.

– Жыландар эле бар. Бирок алар чагышпайт деле, – деп мен аларды тынчтандырып койдум.

– Мунун ойлоп тапканы кара, – деп Эмма көлгө түшкөнү кетти.

Күн сайын  биз көлгө түшүп жаттык. Бирок эч кимибиз жылан көргөн жокпуз. Мен болсо чарбактагы сабиз өскөн жөөктөн чоң боз жыланды байкадым. Бирок корккон жокмун. Мен ага жүгүнүп коюп, андан ары кете бердим. Жылан мени карап, ыраазы болгонсуп көз ымдап да койгонун байкадым.



Бишкекке бара жаткан жолдо апам эмнеге жыландан коркпой, курт-кумурскалардан коркорун түшүндүм. Себеби, ал апасынын, биздин таенебиздин кызы да.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова
Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли